«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

Пед. советтин заседаниесинде каралды
Протокол №___8_______
от «_07__» «__07___» 2022 г.

«Бекитем»
БИКдин мудуру
филос.илим.канд., доц.
Эркинбеков К.Э
______________________
«_07__» «_07____» 2022 г.

# 2021-2022 окуу жылына
# Китепкананын ишинин отчету

Бишкек 2022 ж.

Китепкана колледждин ажырагыс маалымат беруучу бөлүгү болуп саналат.

Китепкана колледждин окуу жана илимий-изилдөө процесстерин өнүктүрүүгө

жана камсыз кылууга, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого китепканадагы библиографиялык жана маалыматтык иш-аракеттердин бардык формалары жана ыкмалары аркылуу көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн.

Китепкана колледждин Уставынын жана колледждин китепканасы жөнүндө жобонун негизинде иштейт.

Китепкананын максаты – окурманга керектүү документтерди, алар кандай формада берилгенине, сакталуучу жерине карабастан, жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

2. Колледждин китепканасынын негизги иш багыттары:

- студенттерге жана окутуучуларга, илимий кызматкерлерге жана колледждердин башка категорияларына китепканалык-библиографиялык, маалыматтык кызматтар.

- колледждин окуу-тарбия иштерине ылайык маалыматтык ресурстардын фондун сапаттуу түзүү.

Китепкана-маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын кеңейтүү жана жакшыртуу.

- Окурмандардын маалыматтык маданиятын, издөө жөндөмүн жана маалыматтык ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну калыптандыруу.

- Окуу жылынын аягына чейин оз убагында китепканага китептерин тапшырбаган окурмандарды аныктоо үчүн окурмандын бланктары текшерилет, (тизмелер ар бир тайпанын кураторлоруна тапшырылат).

- Берилген китептердин оз убагында кайтарылышына, алардын эсепке алынышына жана сакталышына үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү.

- Башка колледждердин китепканалары менен кызматташуу жана тажрыйба алмашуу.

## 3. Китепкананын азыркы абалы.

Бүгүнкү күндө китепкана салттуу (басма) жана электрондук ресурстарга ээ. Жалпы 1-курстун студенттери жыл сайын окуу жылынын башында «Биринчи курстун жумалыгы» (жаңы кабыл алынган студенттер менен таанышуу). Жыл бою китепкананын кызматкерлери түздөн-түз китепкана бөлүмдөрүнө кеңеш беришет. 2021-2022-окуу жылында 1-курста – 272 студент, 2-3-курста – 423 студент, 30 кызматкер катталган. Ар бир студент катталгандан кийин китепкана картасын жана окурмандын билетин алат. 2-3-курстун студенттери китепкана картасын кайра каттатып текшеруудон отушот. Жалпысынан китепканага колледждин 760 студенти катталган.

## 4. Структура

Колледждин китепканасынын түзүмү төмөнкүлөрдөн турат: тейлөө бөлүмү – абонемент (АБ), жаны келген китептерге каталог тузуу жана илимий иштетүү бөлүмү.

4.1 Абонемент – Китепканага жазылуу жана регистрациядан отуу болуму (АБ).

Жазылуу - бул китепкананын документтерин, китепканадан тышкаркы жерлерде жана белгилүү шарттарда пайдалануу үчүн окурмандарга берүүнү караган , тейлөө формасы.

4.2 Окуу бөлүмү. Бул бөлүм китепкананын фондун толук жана эффективдүү чогултууну жана колледждин окуу ишмердүүлүгүнө ылайык келген басма документтер менен уюштурууну камсыздайт. Фонддун кириш жана чыгыш документтерин кабыл алуу жана каттоо.

4.3 Каталог түзүү жана адабияттарды илимий иштетүү бөлүмү.

Инвентаризациялоо китебине жазуу, инвентарлык номер берүү. . Фонддун кириш жана чыгыш документтерин кабыл алуу жана каттоо.

Бөлүм топографиялык каталогду түзүп, китепкананын фондусун билим тармактары боюнча системалаштыруунун, чагылдырылышын уюштурат, документтерди алгачкы иштетүүнү (УДК боюнча системалаштыруу, Л.Б.Хавкиндин таблицасы боюнча автордук белги ыйгаруу) жүргүзөт. Документтерди китепканда библиографиялык, илимий-техникалык жактан иштерди жүргүзөт. Бөлүм фондду текшерүү жана китептерди калыбына келтирүү иштерин жургузот.

БИКтин китепканасынын фондун толуктоо үчүн кошумча «Юриспруденция», «Химия» 10-11-класстар, «Англис тили» 2-курс (Юридикалык багыт боюнча окуган студенттер учун) китептер сатылып алынып, толукталды.

Китепкананын фондусунда 5130 нуска китептер бар. Фонд бардык адистиктердин окуу планынын дисциплиналары боюнча окуу куралдарынан жана окуу китептеринен турат.